УДК: 81.512.154.(575.2)(04)

**Баястанова А. Ж.**
жетектөөчү илимий кызматкер
*КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы*
*Тил жана адабияты институту*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ТАТААЛ ЭТИШТЕРДИН АТКАРЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮН ТУЮНДУРГАН ЖАРДАМЧЫ ЭТИШТЕР

**Баястанова А. Ж.**
ведущий научный сотрудник
*Институт языка и литературы*
*имени Ч.Айтматова НАН КР*

## ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЕ ГЛАГОЛЫ, ВЫРАЖАЮЩИЕ ОСОБЕННОСТИ ПРОТЕКАНИЯ ДЕЙСТВИЯ СЛОЖНЫХ ГЛАГОЛОВ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Bayastanova A. J.**
leading researcher
*Institute of Language and Literature*
*named after Ch. Aitmatov of the NAS KR*

## AUXILIARY VERBS EXPRESSING THE PECULIARITIES OF THE FLOW COMPOUND VERBS IN THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация.** Татаал этиш эки же андан ашык компоненттердин айкалышынан туруп, жаңы лексикалык мааниге ээ болот. Татаал этиш жасоодо анын түгөйлөрүнүн өзүнө тийиштүү аткарган кызматы бар. Экинчи түгөй катары милдет аткарган жардамчы компонент негизги форма болуп эсептелет да, кыймыл-аракеттин ишке ашышынын ар кандай өзгөчөлүктөрүн аныктайт.

**Негизги сөздөр**: Этиш, кыймыл-аракет, негизги компонент, жардамчы этиш, сөз жасоо, татаал этиш, лексика, маани.

**Аннотация**. Сложный глагол состоит из двух и более компонентов, которые, сочетаясь, обретают новое лексическое значение. Каждый из компонентов выполняет свою, присущую ему функцию в образовании сложного глагола. Форма второго, вспомогательного компонента является основной и определяет различные особенности осуществления обозначаемого глаголом действия.

**Ключевые слова:** Глагол, действие, основной компонент, вспомогательный компонент, словообразование, сложный глагол, лексика.

**Annotation.** A compound verb consists of two or more components, which, when combined, acquire a new lexical meaning. Each of the components performs its own inherent function in the formation of a complex verb. The form of the second, auxiliary component is the main one and determines the various features of the implementation of the action denoted by the verb.

**Keywords:** verb, action, main component, auxiliary component, word formation, compound verb, lexicon, meaning.

Кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин *аткарылыш өзгөчөлүгүн* туюндурган татаал этиштерди жардамчы этиштин белгилүү бир тобу гана жасай алат. Алардын айрымдары кыймыл-аракеттин ыкчам жана чукул болгондугун билдирсе, айрымдары кыймыл-аракеттин чечкиндүү иштелип бүткөндүгүн туюндурат. Бул топко *сал, жибер, кал, ташта, түш, кой* жардамчы этиштери кирет. Бирок кыймыл-аракеттин ыкчам, чукул же болбосо чечкиндүү иштелип бүткөндүгүн аныктаган татаал этиштерди жалаң гана аталган жардамчы этиштер уюштура албайт. Аны жасоодо негизги (биринчи) түгөйгө жалганып келген чакчылдын –ып, -а/-е, -й, -ганы формалары да өз салымын кошот. Бул мүчөлөр эки түгөйдү байланыштыруу касиетине ээ болуу менен бирге, кыймыл-аракеттин аткарылыш <u>өзгөчөлүгүнүн белгисин</u> да мүнөздөйт. Бул кубулуштун мааниси *сал, кой, кал, жибер, ташта* жана *түш* жардамчы этиштеринин түгөйлөрү

менен айкалышканда даана байкалат. Ошондуктан бирдей эле түгөйлөрдүн ар бир форманын жалганышына жараша маанилери өзгөрүп турат. Маселен негизги түгөйгө *–ып* чакчыл формасы уланып, ага *сал* жардамчы түгөйү жалганып *айтып сал, берип салды, кошуп сал, коюп салам, жазып сал, алып сал, көтөрүп сал, айтып салба, сүйлөп сал, ырдап сал* сыяктуу татаал этиштер жасалат. Бул жерде *айтуу, берүү, кошуу, коюу, жазуу, алуу, көтөрүү, сүйлөө, ырдоо* сыяктуу кадимки кыймыл-аракеттин ар кандай жагдайын билдирген жай этиштерге *сал* жардамчы этиши уланып, ошол кыймыл-аракеттин өзгөчө тездик менен, чечкиндүү аякташын туюндурган татаал түшүнүк пайда болду. Булардын ичинен макалада *сал, кал* жана *кой* жардамчы түгөйлөрү жөнүндө сөз болот.

***Сал*** жардамчы этиши учурда өзүнүн баштапкы маанисинен (т. а. нерсени бир нерсенин ичине же бетине жайлаштыруу, коюу, жаюу, төшөө) кыймыл-аракеттин толук жана ыкчам иштелип бүткөндүгүн билдирүү маанисине өтөт. Айрым окумуштуулардын изилдөөлөрүндө *сал* жардамчы этиши өз маанисин жоготуп, кыймыл-аракеттин аткарылыш өзгөчөлүгүн гана билдирип калгандыгын эске алып, бул жардамчы этиш менен уюшулган айкалыш татаал этиш болуп эсептелбейт деген көз караштыкарманышат [1. 20-24, 2, 11-12, 3, 16-164]. Бирок кыргыз тилинин сөз жасоо системасын эске алуу менен, бул пикирге кошула албайбыз. Себеби, эки же андан артык түгөйлөрдүн биригүүсүнөн жасалган татаал этиштер бир бүтүн бирдик катары уюшулуп, бирдиктүү семантикалык маанини туюндурат. Татаал этиштер билдирген кыймыл-аракет адам баласынын аң-сезиминде биртуташ кыймыл катары кабыл алынгандыктан, татаал кыймылга жатат.

*Айтып салуу, берип салуу, кошуп салуу, коюп салуу, жазып салуу, алып салуу, көтөрүп салуу, айтып салбоо, сүйлөп салбоо, ырдап салуу* мисалдарынан көрүнүп тургандай, бул татаал этиштерде кыймыл-аракеттин айтылган мезгилге карата толук иштелип бүткөндүгү же буйруучунун белгилүү убакыттын ичинде кыймыл-аракеттин толук иштелишине чечкиндүү көңүлдүн бурулгандыгы болуп эсептелет. Мисалы: 1. Тиги бирөө сайдан чыгып бараткан уйларды таш ыргытып, кайра *тосуп салды* (М.Э.). 2. Зындандын темир оор капкагын шарак эттире *жаап салды.* 3. Бекназар Исхакты акбоз аргымактын үстүнө *ыргытып салды.* 4. Кыш да катуу болуп, кар тизден өйдө *жаап салды.* (Т.К.). –ып+сал конструкциясынын мааниси контекстке жараша так ачылат. Мисалдардагы *тосуп салуу, жаап салуу, ыргытып салуу* сыяктуу татаал этиштер да кыймыл-аракеттин атайылап, чечкиндүү түрдө ыкчам аткарылганын туюндаруп турат.

Ал эми *сал* жардамчы түгөйү –а/-е/-й чакчылдын формаларын улаган негизги түгөй менен айкалышканда кыймыл-аракеттин чечкиндүү түрдө өтө тездик менен аткарылганын мүнөздөйт. *Карай сал, бере сал, айта сал, кое сал, ырдай сал, ала салды* деген татаал этиштердин эки түгөйү биригип келип тездик, айрым учурда капыстык маанисин билдирген бир бүтүндүккө айланган. Бул учурда, тагыраак айтканда –а/–е/–й +сал формасына бардык эле тубаса жана туунду этиштерди түгөй кылып алууга мумкүн эмес. Маселен *күлө салды, баса салды, чуркай салды* деп айтууга болбойт, себеби мааниси кыргыз адабий тилинин нормасына туура келбейт да, сүйлөм стилистикалык жактан бузулат. Ошондуктан сөз болуп жаткан конструкция айрым гана мааниси төп келген этиштер менен гана айкалышат да, аз өнүмдүү татаал этиштердин категориясына кирет.

***Кал*** жардамчы түгөйү. Кыймыл-аракеттин аткарылыш өзгөчөлүгүн туюндурган татаал этиштерди ***кал*** жардамчы түгөйү да уюштура алат. Татаал этиш жасоодо *кал* жардамчы түгөйү интенсивдүүлүк, тездик, маанисин билдирип, өзүнө чакчылдын -а/е жана -й формасына уланганда *сал* этишине да семантикалык жактан үндөшүп кетет. Мындай учурда бул эки жардамчы түгөйдү бири-бири менен алмаштырып айта берүүгө мүмкүн. Мисалы: *Китепти бере сал – китепти бере кал. Атаңа айта сал – атаңа айта кал. Кирди жууй сал – кирди жууй кал. Бешикке баланы бөлөй сал – бешикке баланы бөлөй кал. Бер* жана *сал, бер* жана *кал, айт* жана *сал, айт* жана *кал, жуу* жана *сал, жуу* жана *кал, бөлө* жана *сал, бөлө* жана *кал* этиштери өз алдынча турганда бири-бирине эч байланышы жок тең маанидеги тубаса этиштер, сүйлөм ичинде өз алдынча туруп белгилүү бир милдет аткара алышат. Бирок татаал этиштин тутумуна түгөй катары колдонулганда бири-биринен ажырагыс бирдиктүү бир кыймылды туюндуруп, маанилери жуурулушуп кетет.

***Кал*** жардамчы түгөйү татаал этиш

жасоодо өтө өнүмдүү жардамчы түгөйлөрдүн катарына кирет. Ал негизги түгөйгө уланып татаал этишти уюштуруучу чакчыл формалардын бардыгы менен айкалыша берет. Татаал этишти уюштурууда аз өнүмдүү болгон чакчылдын -ганы мүчөсүнөн кийин да колдонулат*:* урганы калды, айтканы калды, сатканы калды, бергени калды, көргөнү калды. –ганы чакчыл формасына жардамчы түгөйдүн айкалышы боюнча Б. М. Юнусалиев төмөндөгүдөй оюн айткан: “Кал” сочетаясь с достигательными деепричастиями на “ганы”, указывает, что процесс действие “вот-вот” должен начинаться. Например: Шам өчкөнү калды – свет вот-вот потухнет, Кыш түшкөнү калды – зима вот-вот наступит, Эгин бышканы калды – хлеб вот-вот поспеет” [4, 126 ] .

Ошондой эле негизги түгөй катары колдонула турган этиштердин дээрлик бардыгына *кал* этиши жардамчы түгөй боло алат да, татаал сүйлөм ичинде ар башка негизги түгөйгө айкалып бир нече жолу жардамчы түгөй катары түрдүү мааниде колдонулуу мүмкүнчүлүгү бар. Мисалы: Соода менен Сыр боюна *барып калып*, Ак Эркем ошондо он беште экен, даланын кызыл гүлүндөй ачылып калган кези экен, көрүп, көңүлүм *байланып калды.* (Т. К.) Сүйлөмдө *барып калуу* татаал этиши кыймыл-аракеттин капысынан, ойдо жок жерден аткарылганын туюндурса, *байланып калуу* татаал этиши аркылуу кыймыл-аракеттин убакыт ченеминдеги туруктуулугун билдирип калат.

–ып формасындагы чакчылдар ме-нен айкашканда *кал* жардамчы түгөй ка-тарында өткөн чакта кыймыл-аракеттин толук иштелип бүткөндүгүн, өз жайында болуу же болбосо кыймыл-аракеттин тез жана чечкиндүү аткарылыш маанисин туюндурат.

*Эжемдин чаңырган дабышы менен эл жыйналып калды. Бир аз ойноп жүрүп, эриккен кезде кайра кетип калды. Ошол мүнөттө топ козу бөлүнүп алып, жүрүп калды. Аркы кырдан аша коюп койлор да келип калды.* (М.Э.) Берилген мисалдарда – ып+кал конструкциясы алдындагы негизги түгөйдүн маанисине ылайык кыймыл-аракеттин иштелүү даражасын, капыстыктан чечкиндүү аякташын туюндурат.

Айрым учурда ушул эле формада жасалган татаал этиштер контекстке жараша кыймыл-аракеттин бир орунда токтоп калышы же убакыт мейкиндигинде улам кайталанып, байма-бай аткарылып турган иш-аракетти чагылдырат. Мисалы: *Бирин-серин эл кап бөктүрүп алып, орус поселекторуна чубап калган.* (М. Э.) *Ал шартнама боюнча кокус согуш чатагы чыгып калса, өз ара жардамдашуу макулдашылган эле... - деп, эсине салып, тиктеп калды.* (Т.К.) Эгерде жогорудагы эки топтогу мисалдардагы *жыйналып калуу, байланып калуу, кетип калуу, жүрүп калуу, келип калуу, чубап калуу, тиктеп калуу* деген татаал этиштерди контексти жок жалкы ала турган болсок, алардын аткарылыш өзгөчөлүгүндө эч айырма болбогон сыяктанат. Контексттин ичинде гана өзүнүн семантикасын толугу менен ачып бере алды. Мындай учурда татаал этиштин табиятын ачууда контексттин да аткарган кызматы чоң.

Дал ушул эле конструкцияга кыймыл-аракеттин узакка созулушун билдирүүчү отур, тур, жат жана жүр этиштери негизги түгөй болуп айкалышканда бул этиштердин мааниси менен жуурулушуп, өзүнүн бир орунда калуу мааниси да толук ачылгандыгын көрсөтүп турат. Мисалы: *Бетимди аткып алчудай болуп, көзүн акшыйтып, алдыма какайып туруп калды. Ушундан он күн өтпөй бир Бурмакеден башкабыз текши ооруп жатып калдык. Эшим салбырап отуруп калды. Үйүнө кете албай көпкө жүрүп калды.* (М. Э.) Бул мисалдардагы *туруп калуу, жатып калуу, отуруп калуу, жүрүп калуу,* татаал этиштери лексикалык бир бүтүндүккө ээ болуу менен убакыт ченеминде бир орунда убактылуу калуу маанисинде колдонулат.

Ошондой эле *кал* этиши негизги түгөй милдетин да аткарып, бири негизги түгөй, бири жардамчы түгөй болгон учурлар да кездешет: *Атамдыкында калып калды. Ошентип эки жаш бул айылда калып калышкан.* Мындай учурда *калып калуу* татаал этиши кыймыл-аракеттин бир орунда болуу, убакыт ченеминде узакка созулган туруктуулук маанисин туюндуруп, *кал* этиши жардамчы түгөй катары да, негизги түгөй катары да баштапкы маанисин сактап калат. Андан сырткары *калып калуу* татаал этиши мелдештен жеңилүү, утулуп калуу маанисин да туюндурат. Кал жардамчы түгөйү сүйлөм ичинде үч компонеттүү татаал этишти да уюштурат. Мисалы *окумуш боло калды, айтымыш боло калды, уктамыш боло калды.* Такое сочетание часто часто применяется когда действующее или говорящее лицо переключается на другой вид действия или состояния, из динамики движения в статику [4, 125].

Кыргыз адабий тилинин грамматикасында: тангыч –ба мүчөсү жалгангандагы маанинин берилиши жагынан *кал* жардамчы этиши *кой* деген этиш бирдей: жазбай койду, келбей калды, жазбай койбо, келбей калба ж.б.– деп жазылган [5,341]. Бул пикирге толук кошулууга мүмкүн эмес. Ырас, эгерде татаал этиштин эки компонентине тең тангычтын –ба мүчөсүн улап, жазбай койбо, келбей калба десек, *кой* жардамчы этиши менен *кал* жардамчы этиши үндөшүп, маанилик жактан бир синонимдик талаага кирип калат. Ал эми тангычтын –ба мүчөсү негизги түгөйгө гана уланганда *кой* жана *кал* жардамчы этиштери аркылуу жасалган татаал этиштер сүйлөм ичинде ар башка маанинде колдонулат. Мисалы: айтпай койду, жазбай койду деген татаал этиштерде субъект тарабынан атайылап, кандайдыр бир себептин негизинде аткарбай коюшу жөнүндө сөз болот. Тамактын тартышынан оңой менен муунубузга күч кирбей койду. Кечээ эмне болгонун такыр айтпай койду (М.Э.). Ал эми айтпай калды, жазбай калды деген татаал этиштерде кыймыл-аракет капысынан же айрым жагдайлардын себебинен ишке ашпай калгандыгы жөнүндө сөз болот. Былтыр эгин болбой калган. Ашууга барганда аттары тартпай калды (М.Э.).

Жыйынтыктап айтканда, татаал этиш жасоодо жардамчы компоненттердин ролу өтө чоң. Жардамчы компонентти татаал этиштерди жасоочу *негизги форма* деп кароого болот, анткени алар тилдеги түрдүү этиштерге тиркешип, алардан татаал этиш жасайт. Татаал этиш жасоочу форма катары жардамчы компененттер бир нече татаал этиштин составында кездеше берет. Ар кандай маанидеги татаал этиш жасай турган жардамчы этиштердин арасынан анын аткарылыш өзгөчөлүгүн жогоруда сөз болгон *негизги формалар* аткарып келет.

**Адабияттар:**


1. Касымова Б. Сложные глоголы в современном казахском языке. Автореферат дис... .канд. фил. наук. / Б.Касымова. – Алма-Ата, 1991.–29с.
2. Харисов А.И. Категория глагольных видов В башкырском языке. –Уфа, 1944.–215стр.
3. Вопросы грамматики тюркских языков. –Алма-Ата, 1958.– 250стр.
4. Юнусалиев Б.М. Вспомогательные глаголы в киргизском языке. – Бишкек, 2022.–152.
5. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. I бөлүм. Фонетика жана морфология , – Фрунзе, 1980.– 537.